DOI: https://doi.org/10.69722/1694-8211-2025-61-92-98
УДК: 332

***Байсубанова К. К.,*** *магистр, ага окутуучу*
*Ismanovakarakoz60@gmail.com*
*ORCID: 0009-0004-0155-5814*
*Б. Т. Турусбеков ат. КМДТжСА*
***Амантурова Д. К.,*** *магистр, ага окутуучу*
*dilbara1970@bk.ru*
*ORCID: 0000-0003-4409-0258*
*Б. Т. Турусбеков ат. КМДТжСА*
***Исманова К. А.,*** *магистрант*
*Ismanovakarakoz081@gmail.com*,
*ORCID: 0009-0008-7330-0879*
*ИИМдин Э. А. Алиев ат. Академиясы*
***Асанова Н. К.,*** *студент, Asanovanur1222@gmail.com*,
*ORCID: 0009-0007-0356-0643*
*К. Карасаев ат. БМУ*
*Бишкек ш., Кыргызстан*

# НАРЫН ОБЛАСТЫНЫН УЧУРДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ ЖАНА ӨНҮГҮҮ БАГЫТТАРЫ

*Макалада аймактардын учурдагы социалдык-экономикалык абалы жана өнүгүү келечеги Нарын областынын мисалында каралып, республиканын региондорунда түзүлгөн аймактык дисбаланстын болушу объективдүү жана субъективдүү шарттардын негизинде калыптанганы, аймактардын өнүгүү темпинин өсүшү жана тең салмактуу өнүгүшү жалпы республиканын экономикасынын жана калкынын социалдык-экономикалык абалына түздөн түз таасирин тийгизери чагылдырылган. Ошондой эле облустун учурдагы социалдык-экономикалык абалы дыкат талданып, анда жүрүп жаткан интенсивдүү процесстерге, өзгөрүүлөргө жана анын динамикасына учурдагы бийликтин активдүү ишмердигинин жана менеджментинин таасири белгиленген. Ар бир аймактын географиялык жайгашуусу жана жаратылыш байлыктарынын өзгөчөлүктөрү аймактарды өнүктүрүү боюнча түрдүү потенциалдар бар экенин тастыктап, өнүгүү багыттарын аныктоого мүмкүнчүлүк түзөрүн Нарын облусунун мисалында чагылдырууга аракеттер жасалган.*

***Түйүндүү сөздөр****: аймак, калктын жыштыгы, аймактык экономика, дисбаланс, өнүгүү, тең салмактуу өнүгүү, ИДП, региондук дүң продукт.*

***Байсубанова К. К.,*** *магистр, ст. преподаватель*
*Ismanovakarakoz60@gmail.com*
*ORCID: 0009-0004-0155-5814*
*КГАФКиС им. Б. Т. Турусбекова*
***Амантурова Д. К.,*** *магистр, ст. преподаватель*
*dilbara1970@bk.ru*,
*ORCID: 0000-0003-4409-0258*
*КГАФКиС им. Б. Т. Турусбекова*
***Исманова К. А.,*** *магистрант, Ismanovakarakoz081@gmail.com*,

*ORCID: 0009-0008-7330-0879*
*Академия МВД им. Э. А. Алиева*
***Асанова Н. К.,** студент, Asanovanur1222@gmail.com,*
*ORCID: 0009-0007-0356-0643*
*БГУ им. К. Карасаева*
*г. Бишкек, Кыргызстан*

## СОВРЕМЕННОЕ ЭКОНОМИЧЕСКОЕ СОСТОЯНИЕ И НАПРАВЛЕНИЯ РАЗВИТИЯ НАРЫНСКОЙ ОБЛАСТИ

*В статье рассматриваются текущая социально-экономическая ситуация и перспективы развития регионов на примере Нарынской области, а наличие регионального дисбаланса в регионах республики сформировано на основе объективных и субъективных условий. Рост темпов развития и сбалансированное развитие регионов напрямую влияет на социально-экономическое положение экономики и населения республики в целом. Также тщательно проанализировано современное социально-экономическое положение региона и отмечено влияние активной деятельности и управления действующего Правительства на интенсивные процессы, изменения и его динамику. На примере Нарынской области предприняты попытки отразить тот факт, что географическое расположение и характеристика природных ресурсов имеют различный потенциал для развития регионов, а также отмечается, что они дают возможность определять направления развития.*

***Ключевые слова:** регион, плотность населения, региональная экономика, дисбаланс, развитие, сбалансированное развитие, ВВП, региональный валовой продукт.*

***Baisubanova K. K.,** magistr, senior lecturer*
*Ismanovakarakoz60@gmail.com*
*ORCID: 0009-0004-0155-5814*
*KSAPCaS named after B. T. Turusbekova*
***Amanturova D. K.,** magistr, senior lecturer*
*dilbara1970@bk.ru,*
*ORCID: 0000-0003-4409-0258*
*KSAPCaS named after B. T. Turusbekova*
***Ismanova K. A.,** 1st year master's student*
*Ismanovakarakoz081@gmail.com,*
*ORCID: 0009-0008-7330-0879*
*Academy Ministry of Internal Affairs named after E. A. Aliyeva*
***Asanova N. K.,** student, Asanovanur1222@gmail.com,*
*ORCID: 0009-0007-0356-0643*
*Bishkek State University named after K. Karasaev*
*Bishkek, Kyrgyzstan*

## CURRENT ECONOMIC STATE AND DIRECTIONS OF DEVELOPMENT OF NARYN REGION

*The article examines the current socio-economic situation and development prospects of the regions using the example of  Naryn region, and the presence of regional imbalance in the regions of the republic is formed on the basis of objective and subjective conditions. Increased development rates*

*and balanced development of regions directly affect the socio-economic situation of the economy and the population of the republic as a whole. The current socio-economic situation of the region is also carefully analyzed and the influence of the active work and management of the current government on intensive processes, changes and its dynamics is noted. Each region is geographically Using the example of Naryn region, attempts were made to reflect the fact that the location and characteristics of natural resources have different potential for the development of regions, and that they provide an opportunity to determine the directions of development.*

***Keywords:*** *region, population density, regional economy, imbalance, development, balanced development, GDP, gross regional product.*

Кыргыз Республикасынын экономикасын өнүктүрүү жана калктын социалдык-экономикалык абалын жакшыртуу үчүн республиканын жалпы чөлкөмдөрүнүн экономикалык потенциалын тең салмактуу өнүктүрүү маселелери учурдун актуалдуу көйгөйү боюнча калууда. Аймактардын экономикалык абалы жана өнүгүү темптери канчалык жогорку деңгээлде жана тең салмактуу болсо, жалпы республиканын экономикасынын өнүгүшүнө түздөн түз таасир берери ачыктан айкын.

Региондук дисбаланстын болушу объективдүү жана субъективдүү шарттардын негизинде калыптанган [5]. Объективдүү шарттар катары аймактардын географиялык жайгашуусун, өндүрүш инфраструктурасынын жайгашуусунун айырмачылыктарын, колдо болгон ресурстарга (анын ичинде финансылык), байланыш жана маалыматтык кызматтарга жетүүнүн чектелүүлүгүн кароого болот.

Субъективдүү шарттар буга чейин мамлекеттин экономикалык саясатынын адекваттуу эместигине, аймактардын потенциалын жана экономикалык кызыкчылыктарын начар эске алуу менен жүргүзүлгөнүнө байланыштуу болгон [6].

Ошондуктан Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан 2018-жыл «Аймактарды өнүктүрүү жылы» жана 2019-жыл «Аймактарды өнүктүрүү жана санариптештирүү жылы» деп жарыяланып, Указдын негизинде Министрлер кабинети тарабынан аймактарды өнүктүрүү үчүн мамлекеттин жана коомдун күч-аракетин бириктирүү максатында иш-чаралар иштелип чыккан. Ал иш-чаралардын жана учурдагы жетекчилердин аракеттеринин негизинде Кыргызстанда аймактардын потенциалын жогорулатуу, өзгөчө, инфраструктураны өнүктүрүү боюнча олуттуу чаралар көрүлүүдө. Автомобиль жолдору, электр тармактары, окуу жайлары курулуп жана реконструкцияланып жатат. Аймактарда жаңыдан ишке берилген баштапкы медициналык-санитардык жардам көрсөтүү мекемелеринин саны өсүүдө. Калктын маалыматка жетүүсү, мамлекеттик жана муниципалдык кызмат алуусу санариптик телеберүү жана интернет аркылуу жакшырууда ж.б.у.с. 2020-жылдан тарта республиканын бардык аймактары интенсивдүү өнүгүү жолуна түштү.

Аймактарды өнүктүрүү боюнча учурдагы иш-чараларды жана алардын динамикасын Нарын областынын мисалында талдап көрөлү.

Нарын облусу – калкы эң сейрек аймактардын бири. Ал республиканын территориясынын 22,6 % ын ээлеп, республиканын жалпы калкынын 4,4 % [1, 37-б.] (2024-ж.) гана жашайт. Калктын аз жыштыгы аймактын көпчүлүк бөлүгүн тоолор ээлегендигине байланыштуу. Изилдөө аралыгында Нарын облусу боюнча калктын саны 299,9 миң адамдан (2020-ж.) 312,1 адамга (2024-ж.) көбөйгөн, б. а., өсүү темпи 4,1,5 % ды түзүп, 12,2 миң адамга өскөн. *(1 сүрөт).*




*1-сүрөт. Туруктуу калктын саны (1-январга карата) [3, 373-б.]*

2023-жылы Нарын облусу боюнча жумушчу күчүнүн саны 103,3 миң адамды түзсө, анын ичинен иштегендер 97,3 миң адам, жумушсуздар 1977 адамды түзүп, жумуш менен камсыз болуу деңгээли 49,1 %ды, жумушсуздуктун деңгээли 5,8 %ды түзүп, республикалык орточо деңгээлден (4,9 %) 0,9 %га көбүрөөк экени тастыкталды [3, 376-б.]

Экономикада иштегендердин басымдуу көпчүлүгү 41,5 миң адам айыл чарба, токой чарбасы жана балык уулоочулукта иш-аракеттерин жүргүзүшсө, 19,3 миң адам билим берүү системасында эмгектенип, 6,1 миң адам мамлекеттик башкаруу жана коргоо, милдеттүү социалдык камсыздандырууда, 5,3 миң адам иштетүү өнөр жайында, 3,5 миң адам дүң жана чекене соода, автоунааларды жана мотоциклдерди оңдоодо [3, 380-б.] жана башка иштерде эмгектенүүдө.

Иштеп жаткан чарба жүргүзүүчү субъектилердин саны да изилдөө аралыгында өсүү динамикасын көргөзүп, 56050 дөн (2019-ж.) 59868 ге жетип (2023-ж.), өсүү темпи 6,8 %ды түзсө, анын ичинен орто ишканалар 16дан 13кө кыскарып, чакан ишканалар 263 төн 273кө көбөйгөн.

Нарын облусу боюнча ишканалардын жана уюмдардын кызматкерлеринин орточо айлык эмгек акылары изилдөө аралыгында 15 945 сомдон (2019-ж.) 33 011 сомго (2023-ж.), же 2,1 эсеге өскөн, б. а., 2019-жылы республикалык орточо айлыктын деңгээлинин 90,1 %ын түзсө, 2023-жылы 98,1 %ына көтөрүлгөн [3, 382-б.].

Алар өндүргөн региондук дүң продуктунун көрсөткүчтөрү жана анын изилдөө аралыгындагы динамикасы, республиканын ички дүң продукциясына болгон катышы 1- таблицада берилген.

**1-таблица. Региондук дүң продукт** *(учурдагы баалар менен, млн. сом) [3, 391-б.]*

| | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 | 2023 | Өсүү темпи % м-н |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Кыргыз Республикасынын ИДПсы | 654015,2 | 639688,6 | 782854,3 | 1020 44,6 | 1228 898,8 | 187,9 |
| Нарын облусу | 14 069,9 | 15 545,6 | 16 970,3 | 18 213,3 | 28094,6 | 180,7 |
| ИДПга катышы, % м-н | 2,4 | 2,8 | 2,3 | 2,8 | 2,3 | |

1-таблицада көргөзүлгөндөй, Кыргыз Республикасынын ИДПсы изилдөө аралыгында 654015,2 млн сомдон (2019-ж.) 1228898,8 млн сомго (2023-ж.), б. а., 87,9 % өссө, Нарын облусунун региондук дүң продукту 15545,6 млн сомдон 28094,6 млн сомго (2023-ж.) өсүп, өсүү темпи 80,7 %ды түзгөн. Бирок изилдөө аралыгында Нарын облусунун региондук дүң продукту өсүү динамикасын көргөзсө да, Кыргыз Республикасынын ИДПсына кошкон салымы эң төмөнкү 2,3 % ды (2023-ж.) түзгөн.

Ал көрсөткүчтөрдүн негизинде Нарын облусу боюнча калктын адам башына региондук дүң продуктунун көлөмү 90,0 миң сомду (2023-ж.) түзүп, республикалык көрсөткүчтүн болгону 62,1 % ын көрсөткөн.

Нарын облусунун региондук дүң продуктусу, негизинен, өнөр жай продукциясынын негизги түрлөрүн өндүрүү жана айыл чарба, токой чарба жана балык уулоочулук продукциясынын дүң чыгарылышы ж.б.у.с. менен камсыздалган. Мисалы, электр энергиясын иштеп чыгуу 3,7 млн кВт сааттан (2019-ж.) 2,1 млн кВт саатка (2023-ж.) өсүп, өсүү темпи 24,4 %ды түзгөн. Лигнитти өндүрүү да жакшы жолго коюлуп, изилдөө аралыгында аны казып алуу 422,6 миң тоннадан 954,5 миң тоннага жетип, өсүү темпи 2,3 эсени көргөзгөн.

Мал өстүрүүчүлүк боюнча айыл чарба продукциясынын негизги түрлөрү өндүрүлүп, Нарын облусунун бардык аймагы деңиз деңгээлинен 1500 метр бийиктикте жайгашкандыктан, мал жана үй канаттууларын багып өстүрүүгө ыңгайлашкан. Ошондуктан мал чарбачылыгы колго алынып, ири мүйүздүү малдын саны 174,6 миң баштан 210,7 миң башка (2023-ж.) көбөйсө, б. а., өсүү темпи 20,7 %га жетип, анын ичинде уйдун башы 80,9 миң баштан 93,4 миң башка чейин көбөйгөн. Кой жана эчкинин башы 1064,8ден 1128,0ге же 5,9 %га өссө, жылкынын башы 119,4 миң баштан 144,7 миң башка, б. а., 21,2 %га, үй канаттуулары 204,5 миң баштан 213,4 миң башка же 4,4 %га көбөйгөн.

Нарын облусунда айыл чарба продукциясынын негизин түзгөн өсүмдүк өстүрүүчүлүк катары арпа дан өсүмдүгүн 42,2 миң тонна (өсүү темпи 33,1 %) жана картошканы өстүрүүгө 98,3 миң тонна (2023-ж.) ыңгайлашса, мал чарба продукциясынын бардык негизги түрлөрү боюнча өсүүнү изилдөө аралыгында байкоого болот. Мисалы, эт (союлуучу салмакта) 25,7 миң тоннадан 32,9 миң тоннага же 28,0 %га, чийки сүт 126,7 миң тоннадан 138,9 миң тоннага, б. а., 9,6 %га, жумуртка 7,5 млн даанадан 8,0 млн даанага, б. а., 6,7 %га жана жүн (физикалык салмакта) 2,2 миң тоннадан 2,4 миң тоннага же 9,1 %га өскөн.

2024-жылдын 10-октябрында Кыргызстанда өткөрүлгөн инвестициялык форумдун алкагында Нарын районунун Миң-Булак айыл аймагында бардык шарттары менен “Өнөр жай аймагы” ачылып, завод, фабрикаларды куруу үчүн инвесторлор тартылууда [7].

Жогоруда белгиленген экономикалык көрсөткүчтөр көргөзгөндөй, Нарын облусунда өнүгүү динамикасын байкоого болот жана учурдагы бийлик өкүлдөрү тарабынан аймактын өзгөчө потенциалын эске алуу менен бир топ алгылыктуу иш-чаралар жүргүзүлүүдө. Негизинен, аймактын экономикасын өнүктүрүүнүн өзөгүн түзгөн инфраструктуралык түзүмдөрдү жакшыртуу боюнча капиталдык салым Нарын шаарынын ички жолдорун жаңылоо, Нарын-Баетов, Кочкор-Чаек жолдорун жаңыдан салуу, Балыкчы-Кочкор–Кара-Кече темир жолунун курулушуна багытталууда ж. б. у. с.

Улуттук өнүктүрүү стратегиясында Нарын облусун өнүктүрүү боюнча «автомобиль жана темир жолдорун өнүктүрүү стратегиялык жактан маанилүү деп белгиленип, Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан темир жолун курууну баштоо келечекте континенттин товардык агымдарын аныктайт жана өлкөнүн бардык региондору үчүн өнүгүүгө түрткү берет жана облуста гидроэнергетика, мал чарбасы жана кайра иштетүү чөйрөсүндөгү инвестициялык долбоорлорду баштоого түрткү берүү максатка ылайыктуу болуп эсептелет», - деп баса белгиленген [1, 84-б.].

Анын негизинде Нарын облусу үчүн салттуу түрдө өнүгүүгө шарт түзгөн айыл чарба тармагында асыл тукум мал чарбачылыгын колго алуу жана өнүктүрүү, андан алынган продукцияларды кайра иштетүүчү чакан жана орто ишканаларды куруу менен аларды колдонууга даяр продукцияга чейин иштетип, кошумча нарк салыгын көбөйтүү багытында иш алып баруу актуалдуу маселе боюнча калууда. Мисалы, малдан кыркылган жүн, тери республика боюнча эч жерде колдонулбай, иштетилбей калган болчу. Жакында Министрлер Кабинетинин Нарын облусунда жүн иштетүүчү завод куруу боюнча токтому кубандырбай койбойт. Ошондой эле Соң-Көл көлүндө, Нарын, Көкөмерен дарыяларында жана башка кичи дарыяларда балык өстүрүүнү өнүктүрүү үчүн аймактын жагымдуу келечеги бар.

Нарын облусунда гидроэнергетикалык потенциал да абдан жогору экени баарыбызга белгилүү. Учурда да Ат-Башы ГЭСи электрэнергия иштеп чыгып, аймакты электрэнергия менен камсыздоого өз салымын кошууда. Учурда республика боюнча электрэнергияга суроо-талап жылдан жылга өсүшүнө байланыштуу, жылына 3 млрд квт сырттан импорттолуп жаткан шартта жана экономиканын жалпы өсүшүнө тармактын ролу абдан жогору экенин эске алуу менен, жылына орточо 100 мВт электрэнергия иштеп чыга турган Куланак ГЭСи, Жогорку Нарын ГЭС каскады ж.б.у.с. курулууда. Мындан ары да бул багытта көптөгөн чакан жана орточо ГЭСтерди курууга мүмкүнчүлүктөр бар.

Тоо-кен тармагын иштетүү боюнча Нарын облусунда бир топ мүмкүнчүлүктөр бар. Кара-Кече көмүр кенин казып алуу жана андан ары иштетүү, Жетим тоодогу жезди казып алуу жана иштетүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү жана түз инвестицияларды тартуу талап кылынат. Өнөр жайды өнүктүрүүнүн келечектүү багыттарынын бири болуп Ак-Улак разрезинде көмүр казып алууну көбөйтүү саналат.

Нарын облусунун уникалдуу жаратылыш шарты жана тарыхый эстеликтери туризмди жана туристтик бизнести өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк түзүүдө. Экотуризм, агротуризмди өнүктүрүүгө тиешелүү бардык социалдык базалар жана экономикалык

шарттар түзүлүүдө. Нарын облусу үчүн Кытай менен чек ара соодасын жүргүзүү жана туризмди өнүктүрүү, өзгөчө, тарыхый Улуу Жибек жолуна болгон кызыгууну эске алуу менен абдан маанилүү өнүгүү багыты катары өркүндөтүүгө болот.

**Адабияттар:**

1. 2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын Өнүктүрүүнүн Улуттук Стратегиясы. - Бишкек, 2018. [Электрондук ресурс]. - Кирүү режими: http: www. cbd.minjust.gov.kg › акт › көрүү › ru-ru. Кирүү датасы: 10.03.2024.
2. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети. Кыргызстан цифраларда: Статистикалык жыйнак. - Бишкек, 2023. [Электрондук ресурс]. - Кирүү режими: http: www. cbd.minjust.gov.kg › акт › көрүү › ru-ru. Кирүү датасы: 10.03.2024.
3. Кыргыз Республикасынын улуттук статистика комитети. Кыргыз Республикасынын Статистикалык жылдыгы 2019-2023. - Бишкек, 2024. [Электрондук ресурс]. - Кирүү режими: http: www. cbd.minjust.gov.kg › акт › көрүү › ru-ru . Кирүү датасы: 10.03.2024.
4. Кыргыз Республикасы жана региондор. КР УСКнын материалдары 2019-2023 [Текст]: [Электрондук ресурс]. - Кирүү режими: http: www. stat.kg Кирүү датасы: 17.03.2024.
5. Кыргыз Республикасынын региондорун өнүктүрүү [Текст]: [Электрондук ресурс].- Кирүү режими: https://rus.gateway.kg/strategii-razvitiya/nacionalnaya-strategiya-sokrashheniya-b/razdel-vi-razvitie-regionov-kyrgyzskoy/ Кирүү датасы: 17.03.2024.
6. Джаилова, А. Ж. Инвестиции в стратегическом развитии регионов Кыргызстана [Текст] / А. Ж. Джаилова // Экономика и современный менеджмент: теория и практика. - № 1 (55). - 2016. [Электрондук ресурс]. - Кирүү режими: https://cyberleninka.ru/article/n/investitsii-v-strategicheskom-razvitii-regionov-kyrgyzstana. Кирүү датасы: 17.03.2024.
7. Нарын районунда “Өнөр жай аймагы” инвесторлор үчүн эшигин ачты [Текст]: [Электрондук ресурс]. - Кирүү режими: https://eltr.kg/naryn-rajonunda-%d3%a9n%d3%a9r-zhaj-ajmagy-investorlor-%d2%afch%d2%afn-eshigin-achty/ Кирүү датасы: 17.10.2024.